## Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектеби

### Мугалимдер үчүн кайтарым байланыш ыкмалары

**Сабактагы кайтарым байланыш** -позитивдик тарбиянын негизги шарттарынын бири.

**Кайтарым байланыш-** бул коюлган максатка жетүүгө алып бара турган конкреттүү аракеттер,кырдаалдар ,суроолор жөнүндө түшүндүрмөлөрдү алуу жана билдирүү процесси.Ал окутуу процесси кандай жүрүп жаткандыгы жөнүндө түшүнүк берет,ар бир окуучунун билиминдеги жетишкендиктер жана боштуктар ,көйгөйлөр жөнүндө маалымдайт. Кайтарым байланыштын жардамы менен окуучулардын көрсөткүчтөрүнүн азыркы деңгээли менен окутуунун коюлган максатынын ортосундагы айырмачылыктарды азайтса болот.Эгерде кайтарым байланыш өз ара сыйлоо жана ак ниет чөйрөдө жүзөгө ашса,ал так,түшүнүктүү ,өз убагында жана тема боюнча болсо ,ал позитивдүү ,конкреттүү болуп, тоскоолдукту жеңип чыгууга жардам берсе, анда кайтарым байланыш окутуунун ийгилигин камсыздайт.

Кайтарым байланыш билим берүүнүн сапатына зор таасир этет,анткени бул -мугалимдин окуучунун ишмердигине же анын ишмердигинин натыйжасына болгон реакциясы.Мугалимдин реакциясы-бул пайда болгон түшүнбөстүктөрдү окутуунун эң башкы баскычтарында жоюуга жардам берген сунуш ,кеңеш ,түшүндурмөлөр ,ал окуучунун “жолдо жоголуп кетүүсүнө” мүмкүндүк бербейт. Кайтарым байланыш инсанга арналган болот,анткени ал конкреттүү окуучуга жана анын конкреттүү көйгөйүнө багытталган жана кетирилген каталарды оңдоого окуучулардын өздөрүн тартат.

**Окуучуга натыйжалуу кайтарым байланыштын жүргүзүлүшү**

**Натыйжалуу кайтарым байланыш-бул төмөнкү үч суроого жооп берген байланыш:**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | **Эмне жакшы жасалды?** | Аткарылган иштин /тапшырманын сапатына карабастан ,окуучуну колдоо. |
| 2 | **Эмне жакшыртууну талап кылат?** | Кайсы жерде,кандай көйгөй бар экенин көрсөтүү жана аны жакшыртуу. |
| 3 | **Кантип жакшыртуу керек?** | Ишти жакшыртуу үчүн максатка багытталган кеңеш ,конкреттүү сунуштарды берүү. |

**Кайтарым байланыш натыйжалуу болуш үчүн төмөнкүлөр зарыл:** -

окуучулар менен белгилүү бир окуу максаттарына ,күтүлүүчү натыйжаларга жана баалоо критерийлерине багытталган сыпаттоо кайтарым байланышын колдонуу. -

окуучуларда өзүнүн ишине оңдоп түзөтүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү ,ал эми мугалимде кайтарым байланыштан кийин аткарган тапшырманы кайра текшерүү мүмкүнчүлүгү болуш үчүн кайтарым байланышты дайыма жана өз учурунда колдонуу. Кайтарым байланыш канчалык кеч берилсе ,натыйжаны жакшыртуу сапаты ошончолук төмөн болот.

**Төмөндө натыйжалуу кайтарым байланыш үчүн кириш сөздөрдүн мисалдары менен таблица берилди.**

| Күчтүү жактары | Эмнени жакшыртуу керек? | Жакшыртуу үчүн ыкмалар |
|---|---|---|
| Сен аткара аласың... | Бул тапшырмада сен эмне кылышың керек экенин... унутуп калба. | Сен кандай кылмаксың... |
| Сенин окуганың,мага... тууралуу айтып турат. | Кандай деп ойлойсуң,.. болуш үчүн сен эмне кыла аласың? | Мүмкүн сен аракет кылып көрүшүң керек... |
| Сен туура ,ырааты менен ойлонуп,ой жүгүртүп жатасың... | Сага дагы бир...керек. | Сенин кийинки аракетиң... болушу мүмкүн. |
| Сенин эн жакшы кылганың... | Жакшырта турган дагы бир учур... | Сен...колдоно аласың. |

**Сыпаттоочу жана баалоочу кайтарым байланыш**

Баалоочу кайтарым байланыш окуучуларга жалпы эскертүү түрүндө кээ бир гана маалыматтарды берет,эмнени кантип жакшыртуу ,ага кантип жетишүү керектиги тууралуу сунуштарды окуучуларга бербейт.Баалоочу кайтарым байланыш көбүнчө оозеки түшүндүрмө түрүндө болот, окуучуларга жетишкендиктеринин натыйжалары боюнча маалымат берет жана салыштырат.

**Баалоочу кайтарым байланыштын мисалдары:**

* Эң жакшы!
* Азамат! Туура.
* Сен ошол эле катаны кайра кайталап жатасың!
* Жакшы көркөм оку! Мен сени менен сыймыктанам!
* Сен баарын туура кылдың.Мен сага ыраазымын.
* Сен ишти эң сонун аткардың!
* Сен дайым эле...!
* Сен кайрадан дагы...!

**Сыпаттоочу кайтарым байланыш кутүлүүчү натыйжа жана баалоо критерийлери** менен түздөн -түз байланышта.Ал окуучуларга иштин сапатын жакшыртуу үчүн зарыл болгон кийинки аракеттер боюнча көрсөтмөлөрдү , сунуштарды,кеңештерди берет жана окуучулар ишине оңдоолорду киргизип,аны жакшыртуу үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алышат.

**Сыпаттоочу кайтарым байланыштын мисалдары:** -

Текстти жакшы окудуң.Диалогдорду да көркөм окудуң.Эмки окуганда сөздөрдүн мүчөлөрүнө көңүл бөлсөң.

-Текстти кайрадан окуп чыгып ,жаңы сөздөргө көңүл бур. -

Суроолорго жооп берип жатып башкы каармандын сөздөрүн эстесең,алар сага туура жоопторду түзгөнгө жардам берет.

Сыпаттоочу кайтарым байланыш учурдагы жетишкендиктер жөнүндө маалыматтарды издөө аркылуу окуучуларга өздөрүнүн академиялык көрсөткүчтөрүн жакшыртканга жардам берет:

**-Коюлган максатка карата мен азыр кайсы жерде турам?**

**-Мен кайсы багытты көздөй жылып баратам?** Сыпаттоочу кайтарым байланыш окуучуга кийинки аракеттердин керектигин аныктаганга жардам берет:

**- Мен өзүмдүн билимимдеги боштуктарды кантип толтурам?**

**-Ишимдин сапатын жакшыртуу үчүн мага дагы эмне кылуу керек?**

**Оозеки жана жазма кайтарым байланыш** Окуу сабагында мугалим оозеки кайтарым байланышты көбүрөөк колдонот.

**Оозеки кайтарым байланыш-**бул окуучу ишти аткарып жаткан процессте анын ишмердигине байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучуга оозеки түрдө түшүндүрмөлөрдү берүү. Оозеки кайтарым байланыш абдан натыйжалуу ,анткени ал окутуу процессинде ошол замат суроолор,тактоолор,сунуштар түрүндө берилет,алар окуганын түшүнгөнүн текшергенге ,талдаганга,ой жүгүртүүлөрүн баалаганга багытталат.

**Жазма кайтарым байланыш-** бул жазуу түрүндөгү ишти текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучуга баалоо критерийлерине негизделген конкреттүү сунуштарды берүү.Ал үй тапшырмасы ,өз алдынча жана текшерүү иши сыяктуу окуучулардын жазма түрүндөгү иштерин текшерүүдө колдонулат.

**Кайтарым байланыш боюнча кеңештер жана сунуштар:** -

Мугалим окуучунун ишине кызыкдар экендигин көрсөтүүсү . -Толук жана кенен маалымат берүү. -Кайтарым байланышты өз убагында берген жакшы. – Коюлган максаттарга жетүүдөгү окуучунун жетишкендиктерине сереп салуу. – Окуучуларды ишмердиктин натыйжалары тууралуу маалыматтарды чогултуу жана талдоо процессине тартуу.

-Өз ара кайтарым байланыштын болуусун колдоо.

Шыктандырган тилди колдонуу.

-Кайтарым байланыштын натыйжалары боюнча түзөтүүлөрдү киргизүү убактысы.

**Калыптандыруучу баалоо**-бул мугалим менен окуучунун ортосундагы үзгүлтүксүз кайтарым байланыш процесси.Кайтарым байланыш оозеки жана жазуу жүзүндө, формалдуу жана формалдуу эмес болушу мүмкүн.Бул билим берүү максатына жетүү үчүн окуучулардын андан ары аракеттерин түзөтүү максатында ,окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө маалымат алуунун туруктуу процесси.Бул мугалимге билимдердин учурдагы деңгээлине обьективдүү баа берүүгө ,окуу материалын жетишсиз өздөштүрүүсүн диагностикалоо жана андан ары окутуу процессин жакшыртууга жардам берет.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.